Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**М. Холикова, Ш. Эргашева**

# АДЕП

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 3-классы үчүн окуу китеби**

Оңдолгон жана толукталган төртүнчү басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан сунуш кылынган

ТАШКЕНТ
«YANGIYUL POLIGRAPH SERVICE»
2019

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УДК: 17(075.2)**
**ББК: 74.200.51**
**Х-69**

**Халикова, Мохира.**
**Адеп**: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 3-классы үчүн окуу китеби / М. Холикова, Ш. Эргашева. - Оңдолгон жана толукталган төртүнчү басылышы. - Ташкент : Yangiyul Poligraph Service, 2019. - 96 б.


ISBN 978-9943-5711-9-8

УДК: 17(075.2)
ББК: 74.200.51


## Рецензенттер:

А. Хасанов — тарых илимдеринин кандидаты, доцент
А. Норбоев — Низами атындагы ТМПУнин ага мугалими
Д. Вохидов — А. Авлоний атындагы ЭББЖККДИӨ институту мугалими
С. Шарипова — Шайхонтохур району 324-мектептин башталгыч класс мугалими

Шарттуу белгилер:

 — Өзбекстан Республикасы Конституциясынын статьялары

 — Хадистер жана накыл сөздөр

 — Тексттеги татаал сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүгү

 — Суроо жана тапшырмалар

 — Эстеп кал

 — Акылды курчутуучу тапшырмалар

 — Үйгө тапшырма

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-5711-9-8

© «Yangiyul Poligraph Service», 2019.
© М. Холикова, Ш. Эргашева, 2019.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кымбаттуу окуучу! Колуңдагы китеп сенин «Адеп» предметинен 1–2-класстарда алган билимдериңди дагы да кеңитүүгө, бышыктоого кызмат кылат.

3-класста сен адептүү бала кандай сапаттарга ээ болушу, түрдүү жагдайларда өзүн кандайча карманышы, үй-бүлөсүнө, Мекенине кандай пайда келтириши жөнүндө абдан көп нерселерди билип аласың.

Билим алуу үчүн көп окуу, үйрөнүү керек. Ал үчүн сенде убакыт жана мүмкүнчүлүк жетиштүү. Убакытты текке кетирбейсиң, мүмкүнчүлүктөрдөн өнүмдүү пайдаланасың, деген ойдобуз.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ГЛАВА. МЕКЕН — ЫЙЫК





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ – ЭГЕМЕНДҮҮ МАМЛЕКЕТ

Эгемендүүлүк – эң улуу ырыс. Эгемен мамлекеттин эли эркин болот. Тарыхта эч бир эл өзүнүн эгемендүүлүгүнө оңойлук менен жетишпеген. Ата-бабаларыбыз да кылымдар бою эркиндик үчүн күрөшүп келген. Ширак, Томарис, Жалолиддин Мангуберди, Амир Темур сыяктуу залкар бабаларыбыздын өмүрү буга мисал боло алат.

1991-жылдын 31-августунда өлкөнүн эгемендүүлүгү жарыяланды. 1-сентябрь Эгемендүүлүк күнү иретинде белгиленет. Ошол учурдан баштап өлкөбүз өнүгүүнүн жолуна кадам койду.

Ислам Каримов Өзбекстандын Биринчи Президенти саналат. Ал элибизди эгемендүү өнүгүү жолуна алып чыкты.

Эгемендүү мамлекет башка мамлекетке көз каранды болбойт. Өз алдынча саясат жүргүзөт, байлыктарына өзү ээлик кылат.

Учурдагы бейпил жашообузга, өлкөбүздөгү өнүгүүгө эгемендүүлүк себептүү. Ошондуктан аны бекемдөө, мыкты окуу жана сылык мүнөзүбүз менен Мекенибиздин өнүгүшүнө өз салымыбызды кошууга тийишпиз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ӨЗБЕКСТАНЫМ

Менин өлкөм, абдан көркөм,
Чынарларың биздей өктөм.
Таш гүлдөйт топурагыңда,
Мээрим кайнайт булагыңда.

Колу ачык бактарың мол,
Казнага кен тоолоруң мол.
Гүлдөөдө айыл, шаарларың,
Изгилик толуп кең бооруң.

Асманыңдан, жайытыңдан,
Апакай пахталарыңдан,
Түсүн алган тууң, өлкөм,
Менин өлкөм, абдан көркөм!

**Анвар Обиджон**

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгемендүүлүк жылдарында жаш мундун жеткилең инсан болуп эрезеге жетиши үчүн бардык шарттар түзүлдү. Жарык жана кооз окуу бөлмөлөрү, спорттук имараттар, чыгармачылык борборлору курулду. Жаштар ушул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, өздөрүнүн жөндөмдөрүн өркүндөтүшү мүмкүн.

Учурда өзбекстандык жаштар бардык багыттарда чоң ийгиликтерге ээ болуп, дүйнөгө таанылууда.

Ар бир инсан өзүнүн Мекенине кызмат кылууга, анын гүлдөп-жайнашына салым кошууга тийиш.

1. Эгемендүүлүк дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Мекендин өнүгүшүнө кандай салым кошуум керек, деп ойлойсуң?
3. Сенин оюңча, кандай адамдардын Мекенге көбүрөөк пайдасы тиет?
4. Мекен, азаттык темасындагы кандай кинофильмдерди көргөнсүң?
5. Ата-энең менен Мекенибиздин тарыхы, залкар ата-бабаларыбыз жөнүндө маектеш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК БЕРГЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР



Жаштардын чыгармачылык үйү — 2008-жылы «Жаштар жылында» курулган архитектуралык комплекс. Ал жерде үч көргөзмөлөр залы, маданий-агартуу иштерин өткөрүү үчүн чоң зал, ошондой эле көркөм өнөрдүн түрдүү багыттары менен машыгуу үчүн чыгармачылык устаканалары жайлашкан.

Жаштар мындай үйлөрдө өздөрү кызыккан көркөм өнөрдүн түрлөрүн үйрөнүшү жана өнөрлөрүн көрсөтө алышы мүмүн.

## АГА-ИНИ СИНДОРОВДОР – ДҮЙНӨНҮН ЧЕМПИОНДОРУ

Шахмат акылды курчутат. Аң-сезимди өстүрүп, туура чечимдер кабыл алууну үйрөтөт. Адамдын өнүгүшүндө бул спорттун орду чоң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстандык ага-ини шахматчы Жавохир жана Исламбек Синдоровдор эл аралык мелдеште жеңип чыгып, өлкөбүздүн атагын дүйнөгө таанытышты. Алар дүйнөнүн эң күчтүү спортчу-жаштарын жеңип чыгышты. Жавохир менен Исламбек Өзбекстандын жаштары ар багытта алдыңкылардан экенин далилдешти.

Дилгирлик жана шыктуулук ар бир адамда бар. Аны иш жүзүнө чыгаруу үчүн тынымсыз эмгек, кунт жана сабырдуулук талап кылынат. Алдына анык максат коюп, чын жүрөктөн умтулган адам сөзсүз ага жетишет.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ким канча жашта гроссмейстер болгон?**

1. Сергей Карякин, Россия — 12 жашында.
2. Жавохир Синдоров, Өзбекстан — 12 жашында.
3. Р. Прагнанандха, Индия — 12 жашында.
4. Магнус Карлсен, Норвегия — 13 жашында.



Шахмат боюнча дүйнөнүн чемпиону, жаш эл аралык гроссмейстер Нодирбек Абдусатторов Президент тарабынан атайын белек менен сыйланды. Нодирбек сыяктуу жаштар Мекенибиздин даңкын дүйнөгө таратышууда. Алар өңдүү ийгиликке жетишүүгө аракеттен.

**Гроссмейстер** – спорттун шахмат түрүндөгү эң жогорку наам.

1. Ага-ини Синдоровдордун чоң ийгиликке жетишинин себеби эмнеде?
2. Сенин да жетишкендиктериң барбы? Курдаштарыңдынчы?
3. Адам ийгиликке жетиши үчүн эмнелер жасашы керек деп ойлойсуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЕЛЕЧЕК ЖӨНҮНДӨ МАЕК

Тарбиялык саатта устат суроо берди:

– Окуучулар, келечекте ким болмокчусуңар? Буга азыр кандай даярдык көрүп жатасыңар?

– Мен конструктор болуп, адамдардын эмгегин жеңилдеткен роботторду жаратмакчымын, – деди Акбар – Ошондуктан жаш техниктер ийримине катышып жатам.

– Мен дизайнер болмокчумун, – деди Зилола. – Жаштар чыгармачылык үйүндө кооз көйнөктөрдү тиккенди үйрөнүп жатам.

– Мен Мутал Бурхоновдой обончу болмокчумун. Келечекте мекенибизди дүйнөгө тааныткан обондорду жаратам, – деди Диёр. – Сабактан кийин музыка мектебинде машыгам.

– Мен көркөм гимнастика менен алектенип жатам. Жакында Самарканд шаарында болуп өткөн мелдеште катышып, жеңип чыктым, – деди Мохира.

– Мен болсо ишкер болмокчумун, – деди Бекзод. – Өзүм өндүргөн продукцияларды дүйнөгө алып чыгам. Ал үчүн көп тилди билишим керек. Азыр орус жана англис тилдерин үйрөнүп жатам.

Окуучулардын жообунан устат ыраазы болду жана минтип айтты:

– Бали, азырдан ушундай максат менен аракеттенсеңер, тилегиңер сөзсүз орундалат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Дүйнөдөгү эң жаш дирижёрлордон бири — Асадбек Аюбжонов.



Өзбекстандык жаш гимнастикачылар 2018-жылы Азия чепмионатынан 14 медаль менен кайткан.

1. Сен жашаган жерде жаштар үчүн кандай шарттар түзүлгөн?
2. Сен да ошол мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланасыңбы?
3. Өзүң билген адамдардан кимге суктанасың? Эмне үчүн? Ал кантип ийгиликке жетишкен, деп ойлойсуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАМЛЕКЕТТИН СИМВОЛДОРУ – УЛУТТУК СЫЙМЫГЫБЫЗ

Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик туусу 1991-жылы 18-ноябрда кабыл алынган.

1992-жылы 2-июлда кабыл алынган республикабыздын гербинде Хумо кушу сүрөттөлгөн. Ошондой эле, анда пахта, буудай, күн, тоолор, өрөөн жана дарыялардын сүрөтү да бар. Туу менен гербдеги ар бир түс жана сүрөт өзүнүн символуна, маанисине ээ.

Өзбекстан Республикасынын гимни 1992-жылы 10-декабрда кабыл алынган. Мекенибиздин гимни жаңырганда жаш жүрөгүбүздө сыймык ойгонот. Оң колубузду төшкө коюу менен өлкөбүзгө болгон мээримибизди билдиребиз.





1. Мамлектибиздин туусун каерлерде көргөнсүң?
2. Туубуздун желбиреп турушу сенде кандай сезим ойготот?
3. Өлкөбүздүн гимнин жатка айтып бере аласыңбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТУУБУЗ – СЫЙМЫГЫБЫЗ

Жалолиддин эгемендүүлүк майрамынын алдынан ата-энеси менен борборго келди. «Элдердин достугу» аянтынын алдынан өтүп жатып чоң туунун желбиреп турганын көрдү.

– Карагылачы, өлкөбүздүн туусу кандай кооз – деди кубанып.

– Ооба, уулум, туу журт азаттыгынын жана тынчтыгынын белгиси. Бийиктиги 65 метр болгон бул туунун желбиреп турушу жүрөгүбүздө сыймык ойготот.

– Атаке, эмне үчүн жеңген спортчулар мелдеште өздөрүнүн туусун жогору көтөрүшөт?

– Анткени туу эзелтеден жеңиштин жана азаттыктын символу болгон. Спортчулар туу





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аркылуу өз журтунун перзенти экендигинен сыймыктануу сезимин билдиришет. Ошондой эле жеңүүчүнүн урматына гимн да жаңырат.

– Мен да чоңойсом, өлкөбүздүн туусун сөзсүз бийиктерге көтөрөм, – деди Жалолиддин.

Мекенибиздин туусу, герби жана гимнине урматсыздык үчүн мыйзамдарда жоопкердик каралган. Мамлекеттик символдорду урматтоо – милдетибиз.

**Ылайык жоопторду коюп, тапшырманы дептериңде аткар.**

_____ Өзбекстандын эгемендүүлүгү жарыяланды.

Мамлекеттик туу ___________да кабыл алынган.

1992-жылы 8-декабрь _____ кабыл алынган күн.

________ — Өзбекстандын Биринчи Президенти.

Өзбекстан гимни текстинин автору ________.

1. Мамлекеттик символдор жөнүндө маалымат бер.
2. Өлкөбүздүн гербиндеги Хумо кушу эмненин символу? Буудай, пахта жана күнчү?
3. Мамлекеттик символдорго кандай мамиледе болуу керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАРЫХЫЙ ЭСТЕЛИКТЕР – МАДАНИЙ БАЙЛЫГЫБЫЗ

Өлкөбүздө байыркы эстеликтер аябай көп. Алар биздин бай тарыхыбыздан, ата-бабаларыбыздын акылмандыгынан кабар берет.



Самарканд шаарындагы Регистан аянтында дайыма саякатчылар көп болот. Бул аянтта үч кооз эстелик: Шердар, Тиллакары жана Улугбек медреселери жайлашкан.

Ичан калаа Хивадагы калың дубалдар менен курчалган сейрек кездешүүчү эстелик. Учурунда алар шаардын элин тышкы душмандан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



коргогон. 1997-жылы Хиванын 2500 жылдыгына байланыштуу эстелик кайра ремонттолду.

Минораи Калон — чоң мунара дегени. Бул эстелик 1127-жылы курулган. Бухарага барган адам бул имаратты көрбөстөн кайтпайт.

Имам Бухарий комплекси Самаркандга жакын жердеги Хартаң айылында жайлашкан. Ата-





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



бабаларыбыз залкар мухаддис окумуштуунун мүрзөсүн зыяратканага айландырышкан.

Шахрисабз шаарындагы Ак сарайдын ок сымал күмбөздөрүнүн аралыгы 22 метрден ашуун болуп, темурийлер курган имараттардын ичинде эң коозу саналат. Сарайдын маңдайына: «Кудуретибизге шектенсеңер, биз курган имараттарды көргүлө», деп жазылган.

Бабалардан мурас калган тарыхый эстеликтерди асыроо жана келечек муунга жеткирүү ар бирибиздин милдетибиз эсептелет.

Эгемендүүлүк жылдарында өлкөбүздө заңгыраган имарттар курулду. Алар да келечекте тарыхый эстеликтер иретинде баркталат.

**Мухаддис** – хадистерди жыйнаган жана үйрөнгөн окумуштуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 49-статьясында: «Жарандар Өзбекстан элинин тарыхый, руханий жана маданий мурасын абайлап-асыроого милдеттүү. Маданият эстеликтери мамлекеттин коргоосунда», дейилген.

1. Өлкөбүздөгү кайсы тарыхый эстеликтер жөнүндө малыматка ээсиң?
2. Сен да тарыхый эстеликтерди зыярат кылгансыңбы?
3. Эгемендүүлүк жылдарында курулган кооз имараттар жөнүндө эмне билесиң?
4. Тарыхый эстеликтерди асырап-абайлоо эмне үчүн зарыл?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ «МЕН ЖАШАГАН ЖЕРДЕГИ ТАРЫХЫЙ ЭСТЕЛИКТЕР»

1. Айыл же шаарыңдын аталыш тарыхы жөнүндөгү уламышты билесиңби?
2. Сен жашаган жерде кандай тарыхый эстеликтер бар? Аларды зыярат кылгансыңбы?

**Баш катырманы тап**

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Р** | | | | | | | | | | |
| | **Е** | | | | | | | | | | |
| 2 | **Г** | | | | | | | | | | |
| 3 | **И** | | | | | | | | | | |
| 4 | **С** | | | | | | | | | | |
| 5 | **Т** | | | | | | | | | | |
| 6 | **А** | | | | | | | | | | |
| 7 | **Н** | | | | | | | | | | |

1. Сүрөттүү башкатырма.
2. Жер шарынын модели.
3. Хадистерди чогулткан ыйык окумуштуу.
4. Өлкөбүздөгү дарыя.
5. Бейпилдик.
6. Вилаят.
7. Эң башкы азык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстан – байыркы өлкө. Улуу Жибек жолунда жайлашкан өлкөбүз тарыхый эстеликтерге бай. Өлкөбүздүн ар бир айылы менен шаарында тарыхый имараттар жана көңүл бурарлык жерлер бар.

Чет өлкөлөрдө журтубуздун тарыхына болгон кызыгуу аябай күчтүү. Байыркы жана тарыхый эстеликтерибизди көрүү үчүн бүткүл дүйнөдөн саякатчылар келет. Тарыхый эстеликтер туризмди өнүктүрүүгө салым кошушу менен да чоң мааниге ээ.

## БИБИХАНЫМ МЕЧИТИ ЖАНА МЕДРЕСЕСИ

Сараймүлкханым Амир Темурдун сүйүктүү аялы эле. Ал акыл-эсте теңсиз болгондуктан, сарайда Бибиханым – Чоң ханым эсептелген.

Бибиханым мамлекеттик иштерде жаангерге жакындан жардам берген. Ал курулуш жана көрктөндүрүү иштери менен да алектенген.

1399-жылы Индиядан жеңиш менен кайткан Амир Темур медресе курдурмак болот. Дүйнөнүн эң чебер инженерлери, тажрыйбалуу усталары иш башташат. Тоолордо 500 адам таштарды жонуп, шаарга жөнөтүп турат. Арабаларга кошулган өгүздөр, Индиядан алып келинген пилдер ишке салынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаангер бир нече ай бою курулушка өзү байкоо жүргүзөт, бирок бат эле кайра көпкө созулган сапарга аттанат. Курулушка жетекчиликти Бибиханымга табыштайт.

Бибиханым жаангердин кайтышына белек болсун деп медресенин алдына мечит да курдурууну ойлоп коёт. Ал куруучуларды чакырып, тапшырма жана белектерди берет. Жумуш күч алат. Мунаралар көккө өрлөп, кең аянтта ак мрамор аркалар тургузулат.

Амир Темур шаарга кайтканда заңгыраган медресе менен мечитти көрүп аябай кубанат. Учурунда Бибиханымдын медресесинде миңге жакын окуучу билим алган.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ГЛАВА. ЖҮРҮМ-ТУРУМ КАЗНАСЫ

## АГАРТУУЧУЛУК БАБАЛАРДАН МУРАС КАСИЕТ



**Абу Али ибн Сина**



**Абу Райхан Беруний**



**Мырза Улугбек**

Агартуучулук – адамдарды билим алууга чакыруу дегенди билдирет.

Байыркы китеп – «Авестодо» билим алуунун мааниси жана жүрүм-турум жөнүндө сөз болот. «Изги пикир, изги сөз, изги иш» — китептин негизги эрежеси.

Бабалырыбыз илим-билимди улуулап, аны терең ээлегенге умтулушкан. Ибн Сина, Беруний, Мырза Улугбек жана башка окумуштуулардын өмүрү жана иши биз үчүн үлгү болот.

Ибн Сина медицинадан тышкары, математика, табият илимдерин да мыкты билген. Ыр жана дастандары аркылуу адамдарды билим алууга жана мыкты сапаттардын ээси болууга чакырган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Беруний илимдин дээрлик бардык тармактары менен алектенген. Анын жетишкендиктеринен бүткүл дүйнө азыркыга чейин пайдаланат.

Мырза Улугбек жылдыздар илимин үйрөнгөн падыша жана окумуштуу. Ал 1018 жылдыздын асмандагы ордун аныктаган. Анын обсерваториясы өз доору үчүн улуу ачылыш эле.

Биз агартуучу бабаларыбыз менен сыймыктанабыз, алардын иштерин улантууга тийишпиз. Имам Бухарий айткандай, «Дүйнөдө илимден башка нажат жок жана болбойт да».

**Нажат** – көмөк, жардам, кыйын жагдайдан чыгуунун жолу.

**Акылмандар илим жана анын пайдасы жөнүндө**

Илим – нерселерди акыл менен үйрөнүү.

***Ибн Сина***

Билим менен таалайдын жолу ачылат,
Андыктан илимдүү бол, бакыт жолун изде.

***Ахмад Югнакий***

Китеп — бардык куруучулук, жаратуучулуктун жана акыл-эстин, илим-билимдин негизи, жашоону жаратуучу тарбиячы.

***Амир Темур***

Билбегенди сурап үйрөнгөн аалым,
Арданып сурабаган өзүнө залим.

***Алишер Навоий***



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БЕРУНИЙДИН ЭС АЛУУ КҮНДӨРҮ

Беруний жылда эки жолу – Нооруз майрамында жана буудайга биринчи орок түшкөндө эс алат экен.

Нооруз күнү таң саардан ордунан туруп, жуунуп-таранып, жакшы кийимдерин кийип, тууган-туушкандарынан кабар алчу экен. Андан кийин жоро-жолдошторун зыярат кылып, алар менен аңгеме куруп, тамашалашчу экен. Соң талаага чыгып, жерге алгачкы сокону салганга катышып, дыйкандар менен күүгүм түшкөнгө дейре кош айдашып, көчөт тигишчү экен...

Жагдайды сурагандарга:

– Эс алып, жашоонун кызыкчылыгын даамдап жатамын, – деп жооп берчү экен.

Башакка биринчи орок түшкөндө да, эрте таңдан кечке чейин буудай орчу экен. Жолоочулар: «А дегиле», – десе, ал да жарык маанай менен «Жолуңуз болсун», – дечү экен.

Ал жылдын эки күнүн ушинтип өткөрүп, калган күндөрүн тынымсыз китеп окуганга, жазганга, тажрыйба жасаганга, чыгармачылыкка арнайт экен. Таңдан кечке чейин жер айдап, орок оргонду жумуш эмес, эс алуу деп билген экен.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ооба, Беруний: «Бир мүнөттүк убакытымды текке кетиргеним – өлгөнүм», деп бекеринен айтпаган. Убакытты барктоону кеменгер бабаларыбыздан үйрөнүшүбүз керек.

1. Беруний Нооруз күнүн эмне үчүн башкалардан кабар алуу, талаада эмгектенүү менен өткөргөн, деп ойлойсуң?
2. Окумуштуу убакыттын кадырын кандайча туюнткан?
3. Беруний кайсы сапаттары себептүү улуу инсан деңгээлине жетти?

## ТАШТЫ КЕСКЕН АРКАН



Улуу дарыгер Абу Али ибн Сина бала кезинде математиканы жактырбаган дешет. Ал бул илимди өтө оор деп эсептөөчү экен.

Күндөрдүн биринде ал талаада бара жатып кудукка туш келет. Суусунун кандыруу максатында кудукка чака түшүрөт. Чаканы тартып жатып кудуктун оозундагы тоголок ташка көңүл бурат. Бул таш ча-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кага байланган аркандын сүртүлүшүнөн жешилип кеткен экен. Ибн Сина ойго талат:

– Аркан жумшак болсо, кантип катуу мрамор ташты кесип салышы мүмкүн? Демек, канчалык кыйын болбосун, кандайдыр ишти аткаруу үчүн чымыркануу, сабырдуулук менен тынымсыз эмгектенүү керек турбайбы! Мен математиканы түшүнбөймүн, эгерде аракет кылсам, сөзсүз үйрөнүп аламын.

Ошентип, окумуштуу математиканы толугу менен өздөштүрүп алыптыр.

Ибн Сина ар дайым оор ишке туш келген учурда катуу мрамор ташты кескен арканды эстечү болуптур.

1. Сенин оюңча, ибн Синанын дүйнөгө белгилүү болушунун сыры эмнеде?
2. Оор ишти, бул менин колуман келбейт, деп таштап койгон туурабы?
3. Адам эмне үчүн билим алышы керек, деп ойлойсуң?
4. Билим албастан туруп ийгиликтерге жетишүүгө болобу?
5. Айланаңдагы адамдардан кимдерге суктанасың? Анын кайсы сапаттары сага жагат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АГАРТУУ ЖЕТКИЛЕҢДИККЕ ЖЕТКИРЕТ

Биз илим-билим, техника өнүккөн доордо жашап жатабыз. Күндөлүк турмушта колдонулуп, оорубузду жеңилдеткен техникалык каражаттар — адамзат миң жылдар бою чогулткан билим жана тажрыйбалардын натыйжасы.

Билимдүү адамдары көп болгон мамлекет кудуреттүү болот. Ошондуктан өлкөбүздө илим-билимди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Билимдин бийик чокуларын багынтууну



2017-жылы Индияда өткөрүлгөн мектеп окуучуларынын ортосундагы математика боюнча эл аралык мелдеште өкүлдөрүбүз 2 алтын, 2 күмүш медалга ээ болушуп, жалпы жамаат боюнча 2-орунду ээлешти



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

максат кылган Өзбекстандын жаштары эл аралык предметтик олимпиадаларда жеңишке ээ болушуп жатат. Ошондой эле, дүйнөнүн абройлуу университеттеринде билим алышууда.

Кеменгер ата-бабалыбыздын агартуучулук иштерин улантуу биздин милдетибиз.

## ИЛИМДИН ПАЙДАСЫ

Картайган Аристотель уулун чакырып минтет:

– Уулум, бүт өмүрүмдү илим үйрөнүүгө арнадым. Илим-билимдин нуру менен көптөгөн түйүндөрдү чечтим, бирок өлүмгө айла таба албадым. Сага айтар керээзим: байлык түбөлүктүү эмес. Ызаат-сый, атак-даңкты илимден табасың. Илимдин артынан тапкан аброюң бекем болот. Падышалар мени илимим үчүн урматташты. Айтор, мен да алардын кадимки жараны элем. Жарандар падышаларга жүгүнүшөт. Ызаат-сыйга ээ болоюн, атым түбөлүккө өчпөсүн десең, илим үйрөн.

1. Өлкөбүздөн чыккан ойчулдардан кимдерди билесиң?
2. Алар кантип ушундай жетишкендиктерге ээ болушкан?
3. Турмушта кандай техникалык каражаттардан пайдаланасың? Билимсиз адам аларды жарата алат беле?

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖҮРҮМ-ТУРУМДУН НОРМАЛАРЫ

## АДЕПТИ АДЕПСИЗДЕН ҮЙРӨН

Улукман акимден сураштı:
– Адепти кимден үйрөндүң?
– Адепсизден, – жооп берди ал.
– Ыя де, кантип? – таң калышты.
– Адепсиздин кайсы иши көзүмө жаман көрүнсө, ошол иштерди мен жасабадым.

**«Чыгыштын рабаяттарынан»**

1. «Адепти адепсизден үйрөн», деген накыл сөздү кандай түшүндүң?
2. Бирөөнүн туура эмес иши кыжырыңды келтиргенби? Андан кандай жыйынтык чыгардың?

Ата-бабаларыбыз байыртадан адамдарды адеп-ахлактуу болууга чакырып келишкен. Анткени адам баласы кулк-мүнөзү менен сулуу.

Жаангер Амир Темур минтип айтат: «Кең пейилдүүлүк, мээримдүүлүк менен элди өзүмө

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

караттым. Адилет менен иш жасап, зулумдан алыс болууга умтулдум».

Илгери бир даанышман перзентине минтип насаат айткан экен:

– Ой перзентим, турмушта ийгиликке жетишүү үчүн төмөнкү насааттарга амал кыл:

- Адал бол, эмгекти сүй. Адал эмгектенген адам эки дүйнө кем болбойт.
- Жалкоолуктан алыс кач, күч-кайратты өзүңө ураан кыл. Ар дайым кыймылда бол жана алга карай умтул.
- Сак бол. Жасаган бардык ишиңде тартип-эрежеге баш ий.
- Сага ишенип тапшырылган милдетти толугу менен аткар.
- Айкөл, ак көңүл, абийирдүү, чынчыл бол.
- Чыдамдуу, элге мээримдүү, кайрымдуу бол.
- Кийинүүдө, жүрүм-турумда жөнөкөй жана табигый жолду карман. Мактанчаак болбо.

## КИМ МЕНЕН ДОС БОЛУУ КЕРЕК?

Даанышмандардын айтуусуна караганда, үч түрдүү адамдар менен достошууга болот:

1. Билимдүү адамдар менен. Анткени алар өмүрүн билим жана адеп менен өткөрүшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2. Айкөл адамдар менен. Алар достун айыбын жашырышат жана эч качан ашкерелебейт. Жалгыз калганда досунун айыбын өзүнө айтып, оңдоого жардам беришет.

3. Арам ою жок адамдар менен. Алардын достугу чыныгы болот. Достуктан пайда тапканды ойлошпойт.

**«Чыгыш уламыштарынан»**

**Чыныгы дос өзүнүн досунан эч качан иренжибейт, иренжисе да, кечиримин кабыл алат.**

***Амир Темур***

**Жаңы дос тапсаң, эски досторуңду унутпа жана алардан кол үзбө. Досторуң көп болушуна аракеттен. Жакшы достор адамдын байлыгы саналат.**

***Кайкавус***

**Наадан досту достордун катарына кошпо. Наадандыгы себептүү ал сага зыян жеткирет.**

***Алишер Навоий***

Жүрүм-турум жөнүндө ыр, макал же жомоктордон үлгү чогулт жана аларды дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЖӨНҮНДӨ ХАДИСТЕР

**Хадистер** ислам дининде адамдарды туура жолго баштоочу маанилүү булак саналат.

Хадистерде жакшы мүнөз жана сулуу сапаттар үгүттөлөт. Жамандык, чагымчылык, зулум жана чыккынчылык өңдүү илдеттер караланат.

**Сапат** – адамдагы жакшы адат. Сапаттарыбыз канчалык көп болсо, ошончолук жакшы.

**Илдет** – адамдын кулк-мүнөзүндөгү жаман касиет. Аны жойбостон, жакшы деген наам алууга болбойт.

Ыйык китептерде балдардын адеби, тарбиясына тиешелүү көптөгөн пикирлер айтылышы менен бирге илим алуу парыз экендиги баса белгиленет.

Өлкөбүздөн дүйнөгө белгилүү хадисчилер жетишип чыккан. Имам Бухарий, Имам Термезий өңдүү бабаларыбыз хадистерди чогултушкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Хадистерден үлгүлөр

Адамдардын арасында ушак жана жалаа сөздөрдү тараткандан сактангыла.

* * *

Чынчылдыкта коопту туйсаңар да, жалаң чындыкты гана сүйлөгүлө. Ошондо гана жакшылык күтөсүңөр. Эгерде пайда көрүп турган болсоңор да жалгандан сактангыла. Анткени барибир жалгандын аягы жаза.

* * *

Адамдагы эң жаман илдет – кара өзгөйлүк жана коркоктук болуп саналат.

1. Жогорудагы хадистерден кайсы бири сенде көбүрөөк таасир калтырды? Эмне үчүн?
2. Жүрүм-турумга тиешелүү хадистерден чогулт.
3. Хадистерде үгүттөлгөн төмөнкү сапаттарды жана караланган илдеттерди эки мамычага бөлүп жаз. Тизмени улантыр.

Мээримдүүлүк, жалганчылык, чынчылдык, душмандык, адилет, кара өзгөйлүк, берешендик, тазалык, адилетсиздик, чыккынчылык, нысап, зулум, мактанчаактык...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИТЕП ОКУУ АДЕБИ

**Китеп окуунун эрежелери:**

1. Китепти туура тандоо.
2. Кандай китепти окуу жөнүндө чоңдордон кеңеш суроо.
3. Китеп окуу үчүн күн тартибинен убакыт ажыратуу.
4. Китепти жарык жерде, көздөн белгилүү аралыкта кармаган түрдө окуу.
5. Китептин барактарын бүктөбөө, кирдетпөө, ага чийбөө.
6. Китепти асырып-абайлоо, китеп шкафында сактоо.
7. Окулган китептер жөнүндө жакындарга жана досторго сүйлөп берүү.

Китеп – билим булагы. Байыртадан элибиз китепти нандай аздектеген. Китепти сүйүү, аны окууга кызыгуу элибизге мүнөздүү баалуулук.

Билим жана жүрүм-турумга ээ болууда китеп бизге жакындан жардам берет. Улуу адамдар китепти дос карманып, жеткилеңдикке жетишкен.

Китеп окуган адам билими жана терең түшүнүгү менен өзгөчөлөнүп турат. Сөз байлыгы ашат, кеп маданияты жогорулайт.

**Түшүнүк** – пикирлөө, ойлоо, ой толгоо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынын эшиктери окурмандар үчүн ар дайым ачык.

Бирок айрым жаштар китеп окуунун ордуна көбүрөөк телевизор көргөнгө же компьютер ойногонго кызыгышат. Муну менен алар кымбаттуу убакыттарын текке кетиришет.

Китеп окубаган балдар келечекте жеткилең инсан боло алышпайт. Ошондуктан китеп менен дос карманышыбыз керек.

**Жеткилең** – ар тараптан билимдүү, өнүккөн.

1. Кандай китептерди окуйсуң?
2. Өзүңө эң жаккан жомок же аңгеме жөнүндө сүйлөп бер.
3. «Окуу китебиңдеги» кайсы чыгарма сага жакты? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭҢ КЕРЕКТҮҮ НЕРСЕ

Илгери заманда бир падыша вазир жана аалымдарын чакырып:

– Дүйнөдө эң зор, керектүү, бардык нерседен кабардар кылган нерсе эмне? – деп аларга суроо бериптир. Бирөө «Кылыч» десе, дагы бирөө «Байлык», дептир.

– Үч күн мөөнөт беремин, – дептир падыша жооптордун жакпаганынан каарданып.

Кошуна өлкөдө бир даанышман киши жашайт экен. Вазир аны таап, падышанын алдына алып келиптир.

– Дүйнөдө эң керектүү нерсе эмне? – деп сураптыр падыша.

– Китеп! – дептир даанышман эч бир экиленбей. – Өтмүштөн маек салган тарых, бүгүндү чагылдырган күзгү, эртеңки күндү айтып берүүчү укмуш — бул китеп. Китеп окубаган адам наадан, китеп кирбеген үй караңгы зындан. Мына мен – туулуп өскөн айылыман чыкпаганмын. Бирок бүткүл дүйнө, түрдүү элдер, алардын каада-салттары жөнүндө билемин. Булардын бардыгын китептен окуганмын.

Падыша даанышмандын жоопторунан ыраазы болуптур:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Менин сарайымда калып, башкы кеңешчи бол, – дептир.

Бирок даанышман көнбөптүр. Падыша белекке берген алтындарга базардан көптөгөн китеп сатып алып, айылына кайтыптыр...

1. Даанышман эмне үчүн сарайда калууну каалабады?
2. Китеп адамда кандай сапаттарды калыптандырат?
3. Үйүңдө кандай китептер бар экендиги менен кызыгып көр. Бул китептер жөнүндө ата-энең менен маектеш.
4. Үй-бүлөлүк китепканаңардагы сенин жашыңа ылайык келген китептердин тизмесин түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ «МЕН СҮЙГӨН КИТЕП»

## КИТЕПТИН ТАРЫХЫ

Китеп адамзаттын эң чоң ачылыштарынан бири саналат. Ал миңдеген жылдар мурда пайда болгон. Алгачкы китептер жумшак ылайга жазылган жана кургатылган. Кийинчерээк дарактын кабыгынан, жаныбарлардын терисинен китеп иретинде пайдаланышкан.

Кээ бир элдер өздөрүнүн оюн таш, чопо, сөөк жана башка нерселерге жазып калтырышкан.

Алгачкы кагаз китептер Кытайда пайда болгон. Самарканд кагазынан даярдалган китептер да кеңири таралган.

Маалымат технологиялары өнүккөн азыркы доордо да китептин баркы түшкөн жок. Анткени китеп берген билимдин ордун эч нерсе баса албайт. Китеп оку жана адамзат миңдеген жылдар бою чогулткан билимдерге ээ бол.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## УШУЛ КИТЕП

Жашообуздун күзгүсү,
Билимдердин энеси,
Буюмдардын мыктысы,
Мага адеп үйрөткөн –
Ушул китеп, ушул китеп.

Анда бар жер да асман,
Өтмүш, келечек заман.
Анда ыр, жомок, дастан,
Ар суроого берет жооп –
Ушул китеп, ушул китеп.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мазмундары түрдүүчө,
Акыл кошот акылга,
Ал менин ынак досум,
Билим берген нур – күнүм –
Ушул китеп, ушул китеп.

***Болот Момун***



**Төмөнкү жадыбалды дептериңе чийип, китеп окуган жана окубаган балага мүнөздүү сапаттарды жаз.**


| Китеп окуган бала | Китеп окубаган бала |
|---|---|
| акылдуу | наадан |
| | |
| | |
| | |
| | |




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Баш катырманы тап.**



**Туурасынан:**

1. Жомоктор ...ке жетектейт.
2. Залкар акын, өзбек адабий тилинин негиздөөчүсү.
3. ... – башынан.

**Тигинен:**

1. ... — жаштан.
2. Китеп — .... булагы.
3. Элдин даанышман пикири, насааты.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ГЛАВА. ЭМГЕК ДАҢККА ЖЕТКИРЕТ

## ЭМГЕК ИНСАН ТУРМУШУН КООЗДОЙТ

**Макалдарды оку. Бул макалдар аркылуу эмне айтылмакчы?**

Эмгек кылсаң жашыңдан,
Бакыт кетпейт башыңдан.

Эмгек бар жерде жылыш бар,
Жылыш бар жерде ырыс бар.

Эмгек адамдын турмушун кооздойт. Биз колдонуп жаткан буюмдар, кийимдер, тамак-ашыбыз – бардыгы кимдир бирөөнүн эмгеги натыйжасында пайда болгон. Адамдын колу – гүл. Эгерде ал кааласа, ташта гүл өстүрүшү, кадимки ылайдан кооз буюмдар жасашы мүмкүн.

Жалкоолук – жаман илдет. Жалкоо адам эч качан максатына жетише албайт.

1. Эмгек адамга эмне берет?
2. «Зумрад жана Кымбат» жомогун эстеп көр. Зумраддын кайсы сапаттарынан үлгү алса болот? Эмне үчүн Кымбатка окшоону каалабайсың?
3. Сен кайсы үй жумуштарында ата-энеңе жардам бересиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Төмөнкү жадыбалдан эмгекчил адамга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныкта жана дептериңе жаз.

| | |
|---|---|
| Кунт | |
| Умтулуучулук | |
| Жалкоолук | |
| Жоопкердик | |
| Шамдагайлык | |
| Тартиптүүлүк | |

| | |
|---|---|
| Сабырдуулук | |
| Эринчээктик | |
| Тыкандык | |
| Кара өзгөйлүк | |
| Калпычылык | |
| Тазалык | |



**Баш катырманы тап.**




**Тигинен:**

1. Жомоктогу эмгекчил кыз.
2. ... – алды ынтымак.
3. Элдин даанышман пикири.
4. Оролгон жалбырактуу жашылча.

**Туурасынан:**

1. ... кылган тилегине жетет.
2. Жалкоолугу үчүн жазаланган кыз.
3. Жердин антоними.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЭМГЕК ЫРЫ

Эмгек көккө жеткирет,
Адамга даңк келтирет.
Жашайм десең бактылуу,
Эмгектенгин эрте-кеч.

Атак-даңкка көмүлөт,
Ар ким адал иштесе.
Оор жумуш да жеңилет,
Кайрат аты кишенесе.

Кандай сүйсө эмгекти –
От жүрөктүү ал Фархад,
Шондой сүйөт өнөрдү
Бул өлкөдө биздин жаш.

***Зафар Диёр***



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨНӨРЛҮҮНҮН БАРКЫ БИЙИК

## Өнөр жөнүндө макалдар

Акыл көккө жеткирет,
Өнөр – көпкө.


* * *

Билимсизге ишенич жок,
Өнөрсүзгө кубаныч жок.

* * *

Өнөрүң болсо колуңда,
Нан табылат жолуңда.

Сен жашаган жерде өнөрдүн кайсы түрлөрү өнүккөн?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кимдир бирөө эңсеген тилегине билими, кимдир бирөө өнөр-кесиби аркылуу жетишет. Билим, өнөр-кесип бардык замандарда бартал-ган.

Билимдүү, өнөр-кесипти мыкты ээлеген жаштар журттун байлыгы. Жигиттери эр жүрөк, баатыр, кыздары сыпаа жана ыйбаалуу, илим-билимде алдыңкы өлкө дүйнөгө таанылат.

Жалкоолук жана эринчээктиктен оолак бол-гон, билимдүү-өнөрлүү адам эч качан кор болбойт, ар дайым урматта болот.











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Жаштыкта өнөр-кесип ээлөө үчүн адамда убакыт жана мүмкүнчүлүк жетиштүү. Мындан өнүмдүү пайдалануу, убакытты текке өткөрбөстүк керек.

Өнөрдүн жакшы-жаманы болбойт. Адам аны кунт коюп ээлесе, уста деген татыктуу наамга ээ болот.

Адам байлыгын жоготушу мүмкүн, бирок өнөрдү андан эч ким тартып ала албайт.

## ӨНӨРСҮЗДҮКТҮН НАТЫЙЖАСЫ

Өткөн заманда бир сараң бай болгон экен. Анын байлыгы аябай көп болгондуктан, эсебин өзү да билбейт экен. Бирок бул байлыктын анын өзүнө да, өзгөлөргө да пайдасы жок экен. Жеткен сараңдыгынан байлыгын жеп-ичкенге да, билим-өнөргө да сарптабайт экен.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Байдын Ахмад аттуу жалгыз уулу болгон экен. Күндөрдүн биринде ал өнөр үйрөтүү максатында уулун кол өнөрчүгө алып барат. Уста эреже-тартиптерди түшүндүрүп, үйрөткөн өнөрү үчүн ай сайын бир дилде төлөшү керектигин айтат. Муну уккан байдын үрөйү учуп, уулун кайра алып кетет.

Ахмат жаш кезинде өнөр үйрөнбөйт, билим албайт. Атасы кайтыш кылгандан кийин, бат эле байлыктарын сарптап, жакыр адамга айланат. Ал билим же өнөр үйрөнбөгөнүнөн аттиң кылат.

Сараңдын мал-дүйнөсү, коромчулдун күнү, билимсиз-өнөрсүздүн абалы ушундай болот.

1. Ахмад эмне үчүн атасынан калган байлыктын кадырын билбеди?
2. Бай уулуна өнөр үйрөткөндө, ал кандай адам болуп улгаймак?
3. Сен кайсы өнөрдү үйрөнгөнгө кызыгасың? Бул жөнүндө ата-энеңе айткансыңбы?
4. Ата-энеңе өзүң кызыккан өнөр жөнүндө сүйлөп бер жана алардын пикирин бил.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИМ БОЛСОМ ЭКЕН?

Сен келечекте ким болмокчусуң? Бул кесиптин ээлери кандай билимдерге ээ болууга тийиш?

Өнөр-кесиптин жакшы-жаманы болбойт. Алардын бардыгы бирдей пайдалуу.

Адам өзүнүн кызыгуусунан келип чыгып кесип тандаса, ийгиликке оңой жетише алат.

Илим-билимдин өнүгүшү натыйжасында кесиптин жаңы-жаңы түрлөрү пайда болууда. Мисалы, маалымат технологиялары жаатында программачы, веб-дизайнер, компьютер оператору жана башкалар.

Маалымат технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү аябай кең. Бул тармактын адиси болуу үчүн тынымсыз окуу жана үйрөнүү талап кылынат.





http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өткөн кылымдын аяктарында ар бир үйдө компьютер болушун элестетүү кыйын эле. Учурда ал бардык жерлерде бар.

Маалымат технологиялары саламаттыкты сактоо, коргоо, маалыматтар менен иштөө, таалим, жалпысынан алганда, турмуштун бардык тармактарына кирип барды. Ошондуктан компьютерди мыкты билген кесип ээлерине болгон талап күндөн-күнгө ашууда.

Адам кайсы кесипке кызыкса, ошого тиешелүү билимдерди ээлеп барууга тийиш.

## ДАБАГЕРЛИК – СОНУН КЕСИП

Дабагерде кандай сапаттар болууга тийиш?

Дабагер адамдарды жакшы көрүүгө жана аларга мээримдүү болууга тийиш. Анткени ал оорулууларга өзүнүн мээримин берет.

Дабагер коркпос болууга тийиш. Анткени ал кооптуу оорулар өзүнө жугушунан коркпостон, оорулууну дабалайт.

Дабагер ар дайым салмактуу болууга тийиш. Анын салмактуулугу жана өзүнө болгон ишеними оорулууларды тынчдандырат.

Дабагер камкор жана сергек болууга тийиш. Ал ооруунун ар бир белгисине жана айтылган сөздөргө этибарлуу болууга тийиш. Болбосо, оору күчөп кетет же оорулуунун маанайы чөгүп, айыгышы кыйындашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дабагер өз жанын аябаган инсан болушу керек. Ал ар кандай жагдайда да адамдарга жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

Дабагер сабырлуу болууга тийиш. Кээ ооруулардыы дабалоо үчүн айлар жана ал тургай жылдар керек болот.

Дабагер тырышчаак жана эмгекчил болууга тийиш. Ал билимин тынымсыз өркүндөтүп, заманбап дабалоонун сырларын үйрөнүп барууга милдеттүү.






Элестет, сен журналистсиң. Ата-энең менен кесип тандоо темасында маектеш. Алардан төмөнкү суроолорго жооп ал жана дептериңе жаз:

1. Эмне себептен ушул кесипти тандагансыз?
2. Бул кесипти ээлөө үчүн канча убакыт жана эмгек талап кылынат?
3. Кесибиңиздин жакшы жана жаман жактарын айтыңыз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төмөнкү пикирлерге ылайык жоопторду сүрөттөрдөн тап жана дептериңе жаз:**

1. Балдарга таалим-тарбия берет...
2. Адамдарды дабалайт...
3. Кооз имараттарды курат...
4. Даамдуу тамактарды даярдайт...
5. Жарашыктуу кийимдерди тигет...
6. Адамдардын алысын жакын кылат...
7. Мекенин коргойт...
8. Түркүн-түмөн мөмө-жемиштерди өстүрөт...





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕНИН БОШ УБАКТЫМ

**Дептериңе бош маалыңда эмне жасоону каалашыңды жаз.**

Даанышмандардан бири: «Ким күнүн текке өткөрсө, жакшы иш жасабаса, адамдарга сылык сөз айтпаса, илим же өнөр үйрөнбөсө, өзүнө зулум кылат», деген экен.

Убакытты артка кайтарууга болбойт. Ошондуктан аны барктоо, андан өнүмдүү пайдалануу керек.

Элибизде «Убактың кетти – бактың кетти», деген макал бар. Убакыттан өнүмдүү пайдаланып, жаш кезде билим алган, өнөр үйрөнгөн адам келечекте сөзсүз бактылуу болот.

Жалкоо жана эринчээктер болсо убакытын текке сарптайт, натыйжада ийгиликке жетише албайт. Даанышмандан сурашыптыр:

– Өмүрдүн кай бир сааттары текке кеткен эсептелет?

Даанышман жооп бериптир:

– Жакшылык кылуу мүмкүнчүлүгү боло туруп, кылынбаган, билим алуу мүмкүнчүлүгү боло туруп, алынбаган сааттары текке кеткен эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Убакытты туура бөлүштүргөн адам турмушта көп ийгиликке жетишет. Ошондуктан бош маалдарда эмнелер менен алектенишибизди аныктап алууга тийишпиз.

## Бош убактыңда эмне кыласың?

| | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Үй иштерине жардам беремин | | |
| Китеп окуймун | | |
| Уктаймын | | |
| Спорт менен машыгамын | | |
| Компьютер оюндарын ойноймун | | |
| Телевизор көрөмүн | | |
| Жолдошторум менен ойноймун | | |
| ... тилин үйрөнөмүн | | |
| Өнөр үйрөнөмүн | | |
| | | |
| | | |

Жадыбалды дептериңе көчүр жана бош убактыңда дагы эмнелер кылышыңды белгиле.

Жадыбалдагы «Ооба» жоопторуң менен «Жок» жоопторуңдун санын салыштыр. Бул суроолордон кайсы бирине «Жок» деп жооп берген пайдалуураак?



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кызыгуулар сандыкчасын өзүңдүн кызыгууларың менен толтур. Сен дагы эмнелерге кызыгасың?**




1. Дептериңе күн бою аткарган иштериңди жаз.
2. Эртеңки күн үчүн кандай план түзгөнсүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ
# КҮН ТАРТИБИ

Атабектин эртең мененки күн тартиби туура түзүлгөнбү? Удаалаштыкты сакталган түрдө ирети менен кайра түзүп чык.

Атабек уйкудан турду. Тамагын жеди. Туфлисин кийди. Керектүү китеп-дептерлерин сумкасына салды. Ордун иретке келтирди. Бети-колун, тиштерин жууду. Кийимдерин кийди. Ата-энеси менен саламдашты. Мектепке жөнөдү.

«Күн тартиби» менен таанышып чык. Сен да күндү ушундай тартипте өткөрөсүңбү? Төмөнкү жадыбалга убакытты коюп, дептериңе белгиле.

| Күн тартиби | Убакыт | Күн тартиби | Убакыт |
|---|---|---|---|
| Уйкудан ойгонуу | | Ийрим жана спорт машыгууларына баруу | |
| Дене тарбия жана жуунуу | | Үй иштерине жардамдашуу | |
| Тамактануу | | Кечки тамактануу | |
| Мектепке баруу | | Сабак даярдоо | |
| Мектептен келүү | | Үй-бүлөлүк маек | |
| Түшкү тамактануу | | Телевизор көрүү | |
| Эс алуу | | Уктоо | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ГЛАВА.
# ТЫШКЫ КӨРҮНҮШ – АДАМДЫН КӨРКҮ

## ТЫШКЫ КӨРҮНҮШ МАДАНИЯТЫ

Каерге кандай кийимде баруу керек?

Адамдын кандай экендигин анын кийинишинен да билүүгө болот. Кийим-башы таза, кийинүү адебин сактаган адамга карата мамиле да жакшы болот.

Кийинүү адебине баш ийүү үчүн кымбат баалуу кийимдерди кийүүнүн кереги жок. Негизи, кийимдер туура тандалган, таза жана үтүктөлгөн болууга тийиш.

### Кийинүү адеби

- кийимдерди таза кармоо жана кийүү;
- тамактанганда кийимдерге так тийгизбестикке аракеттенүү;
- кийимди атайын шкаф жана илгичтерде сактоо;
- кийимдерди баш аламан, туш келди жерге таштабастык;
- топчуларын тигип, бут кийимдерин жиптерин байланып жүрүү;
- бут кийимди жуптап, өз ордуна коюу;
- дайыма чөнтөктө кол жоолук алып жүрүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөттөрдөгү балдардын кийимдерине көңүл бур. Алар кандай кийинишкен? Бул кийимдер каерге барганда кийилет?



**Дилнозанын кыймыл-аракеттерине баа бер. Сенде да ушуга окшош жагдайлар болгонбу?**

– Дилноза, мектеп формаңды жууп, үтүктөп койдум, – деди апасы.

– Жок, бүгүн мектепке жаңы көйнөгүмдү кийип барамын, – деди Дилноза.

– Кызым, ал көйнөгүңдү конокко барганда киесиң го.

– Жок, мектепке кийип барамын, аны жолдошторума көрсөтмөкчүмүн. Болбосо, мектепке барбаймын...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Рустамга кандай кеңеш бересиң?

Рустам мектепке жеткенге чейин көчөдөгү ит жана мышыктарды кууйт, таш атат. Ал аткан таштар кээде адамдарга тиет. Рустам кечирим суроонун ордуна тыз коёт. Бир күнү ал Садык чоң атанын айнегин сындырды.

Рустам сабакта да тынч отурбайт. Партага, класстын дубалдарына түрдүү сөздөрдү жазат, сүрөт тартат. Классташтарына сөз катып, көңүлүн бурат.

Рустам өзүнүн нерселерин да аябайт. Бир күнү шапкесин, башка күнү спорттук кийимин жоготот. Түз жол калып, ар дайым жолдун четинен, ылай жана таштуу жерлерден жүрөт. Ошондуктан ата-энеси ага бат-бат кийим сатып алып бергенге аргасыз болушат. Рустамга сенин кеңешиң керек. Ага кандай кеңеш бересиң?





**Кийим-башты кантип сактоо керектиги жөнүндө текст түз.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТЫКАНДЫК – АДАМДЫН КӨРКҮ

Тыкандык адамдын тазалыгынан, кийинишинен, жүрүм-турумунан, буюмдарын кандай сакташынан көрүнөт. Тыкан адамга бардыгы суктанат.

## ТЫКАНДЫК КАНДАЙ СӨЗ

Аскар 3-класста окуйт. «Адеп» сабагында мугалим тыкан бала кандай болууга тийиштиги жөнүндө сүйлөдү. Аскар устатынын сөздөрүн угуп, өзүнөн уялып кетти. Анткени ал өзүн тыкан жана тартиптүү окуучу деп айта албайт болчу. Аскар ошол күндөн баштап тыкан боломун, деп өзүнө убада берди.

Үйгө баргандан кийин, туфлисин аарчып ордуна койду. Сумкасын күндөгүдөй босогого эмес, өзүнүн бөлмөсүнө алып барып койду. Кийимдерин шкафка илди. Столдун үстүндөгү баш аламандыкты көрүп, аны заматта тартипке келтирди. Бети-колун жууп, чачын тарады. Апасы жумуштан келгенге чейин ашканадагы идиштерди жууп, чаңдарын аарчып койду. Мындан апасы аябай кубанды:

– Тыкан жана акылдуу уулуман садага кетейин, – деп мактады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Апаке, эми бөлмөмдү өзүм тартипке саламын. Сиз күн бою эмгектенип, таалыгып келесиз. Бүгүндөн баштап карындашым менен үй жумуштарында сизге жардам беребиз, – деди.

Апасы Аскардын сөздөрүнөн кубанды.



Кийимдери жана бети-колу таза, нерселери ирететтүү бала бардыгына бирдей жагат. Ар бир бала өзүнүн нерселерин тартиптүү сактаганга адаттанууга тийиш.

1. Окуу куралдарын кантип сактоо керек?
2. Сенин оюңча, бул эрежелерге дагы кандай кошумча киргизүүгө болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Китептин барактарын жыртпастык, бүктөбөстүк, аларга чийбестик керек. Китептеги сүрөттөрдү кыркуу адептен эмес. Ажыраган барактарды желимдөө, колдун жана калемдин издерин өчүргүч менен өчүрүү керек.
2. Дептерди жылт менен жылттоо, ага ашыкча нерселерди жазбоо керек.
3. Калемдер атайын пеналдарда сакталса, учу адегенде сына бербейт.
4. Суюк желим менен боёкторду атайын кутуга же сумканын өз алдынча бөлмөсүнө салган оң.

**Сүрөттөргө көңүл бур. Балдарга ат кой жана сүрөттө берилген көрүнүштүн негизинде оозеки аңгеме түз.**







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V ГЛАВА. БИЗ ЖАШАП ЖАТКАН ААЛАМ

## ТАБИЯТТЫН БАЙЛЫКТАРЫНАН АКЫЛМАНДЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУ

**Молчулук** – адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон нерселер. Мисалы, суу, аба, газ жана ушул сыяктуулар.

**Үнөмдүүлүк** – молчулукту кадырлоо, керегинче пайдалануу.

**Коромжулук** – молчулукту барктабастык жана керегинен ашык пайдалануу.

Үнөмдүүлүк – жакшы сапат. Үнөмдүү адамдын үй-бүлөсүндө кут-береке, ишинде өнүм болот. Эгерде ким өзүндө бар нерсени үнөмдөп пайдаланса, ал көпкө жетет.

Коромжулук болсо эң жаман адаттардан. Ошол себептен ата-бабаларыбыз үнөмдүү болууга чакырышкан.

Хадистерде да «Эгерде ким турмушта үнөмдүү болсо, ал эч качан жакырланбайт», дейилет. Жаштайынан үнөмдүү болууга үйрөнгөн адам эч нерсеге зарыкпайт.

Күндөлүк турмушта электр энергиясынын мааниси чоң. Көчө жана үйүбүздү жарыктандырган чыраксыз жашоону элестетүү кыйын.

Электр энергиясы менен иштеген техника буюмдарынан күндө пайдаланабыз. Муздаткыч,



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

телевизор, үтүк, компьютер жана башка буюмдар иштебесе, кандай абалда калмакпыз? Үйдө чырак болбосочу?

Электр энергиясы түгөнгүс булак эмес. Аны үнөмдөп иштетүү аркылуу үй-бүлөбүзгө, өлкөбүзгө пайдабызды тийгизебиз.

Табияттын байлыктары келечек муун үчүн да кызмат кылышы керектигин унутпа.

1. Үйүңдөгү электр энергиясы менен иштеген буюмдардын тизмесин түз.
2. Сен аларды иштетүүнүн эрежелерин билесиңби?
3. Электр жабдууларынан орунсуз пайдалануу кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн?

Адептүү бала мектебиндеги жана коомдук жерлердеги нерселерди да асырап-абайлоого тийиш. Анткени бул нерсе-буюмдар башкаларга да, ини жана карындаштарга да кызмат кылуусу керек.

## ЧОҢ ЭНЕНИН ҮГҮТҮ

Анвар эртең менен шашып тамактанды. Ал нандын чоң бөлүгүн алып, бир-эки тиштеди, канттуу чайды да аягына чейин ичпеди. Муну байкап турган чоң энеси мындай деди:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Нанды аягына чейин жеп, чайды ичип койсоң боло.

– Курсагым тойду, жегим келбей жатат.

– Бул ишиң жакшы эмес, айланайын. Эсиңде болсун, коромжулук – эң жаман адат. Ар бир нерсенин убалы болот. Эмнени кор кылсаң, ошого зар болосуң. Адамдар бир үзүм нан үчүн өлүп-тирилген учурлар болгон. Сенин бул ишиң токчулукка шоктук болуп жатпайбы. Мындан ары эч качан минтпегин. Бардык нерсенин өзүңө керектүүсүн ал.

– Куп болот, энеке, – деди Анвар жана бул сөздөрдү эсинен чыгарбастыкка убада берди.

Үнөмдүү болуу менен үй-бүлөбүзгө гана эмес, ошондой эле өлкөбүзгө да пайда келтиребиз. Текке аккан суунун чоргосун буроо, жанып калган чырак же газды өчүрүү аркылуу канчалаган каражатты үнөмдөөгө болот.

1. Табияттын байлыктарын үнөмдөп иштетүү дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Коромжулук кандай натыйжаларга алып келет?
3. Сен өзүңдү үнөмдүү деп билесиңби? Пикириңе мисалдар келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СУУ – ЖАШООНУН БУЛАГЫ

?!
1. Суусуз жашоону элестетүүгө болбойт?
2. Күн бою суудан эмне үчүн жана эмне максатта пайдаланасың?

Суу – жашоонун булагы. Суу болбогон жерде жашоо да болбойт. Жаныбарлар да, өсүмдүктөр да суу менен тирүү. Суу түгөнбөй турган кенч эмес. Ошондуктан аны кадырлоо керек. Илгери ата-бабаларыбыз сууга түкүргөндү, түрдүү чыгындыларды таштаганды чоң күнөө деп билишкен. Сууну булгаган адамды жазалашкан.

Дүйнөдө суусу кемчил өлкөлөр да көп. Африка жана араб өлкөлөрүндө адамдар сууну алтын баасында сатып алышат. Сууну кадырлоо, үнөмдөө ар бирибиздин милдетибиз.

## НАН МЕНЕН СУУНУН КАДЫРЫ

Илгери бир бай менен кедей алыс сапарга аттанышат. Жолдору эрме чөл аркылуу өтчү экен. Бай капка толо алтын жана берметтерин көтөрүп алат. Кедей болсо жолго баштыгы толо нан жана бир чанач суу алат. Алар аябай алыс жол жүрүшөт. Бай ачкадан жана суусагандан шайы кетип жыгылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Ой досум, байлыкка ишенип, чоң катага жол коюптурмун. Мага да суу-наныңдан берчи, – дейт кедейге. Жолдошу ага суу-нан берет. Натыйжада алар эсен-соо жетип алышат.


Жыйынтык: суу менен нан ар кандай байлыктан да кымбаттуу жана кадырлуу экен.

1. Бул рабаяттан кандай жыйынтык чыгардың?
2. Адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон нерселерди санап бер.

**Сууну үнөмдөө үчүн төмөнкүлөргө баш ий:**

1. Чоргодон себепсиз агып жаткан сууну токтотуп кой.
2. Арыктар менен бассейндерге ар түрдүү нерселерди жана чыгындыларды таштаба.
3. Текке агып жаткан суу жөнүндө чоңдорго кабар бер.
4. Сууну иштеткенде норманы сакта.

Суу кандай максатта жана эмне үчүн иштетилиши жөнүндө ой жүгүрт. Жоопторуңду дептерге төмөнкү көрүнүштө жаз:






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## АККАН СУУ

Жаркырап жердин койнунан,
Жайнап чыккан, аккан суу.
Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан, аккан суу.

Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан, аккан суу.
Жер астынан аңтарып,
Бузуп чыккан, аккан суу.

Жээгинде дарак көгөргөн,
Сен жаралдың, аккан суу.
Кыбыраган жандарга,
Тең жаралдың, аккан суу.

***Барпы***

Барпынын «Аккан суу» ырын жатта. Үйүңдөгү сууга болгон мамиле жана андан кандай пайдаланылышы жөнүндө сүйлөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕН ТАБИЯТТЫ КАНТИП АСЫРАШЫМ МҮМКҮН?

1. Өз колуң менен көчөт тиккенсиңби? Көчөттү кантип кароо керек?
2. Табиятты ким асыроого тийиш, деп ойлойсуң?

Адамдар, өсүмдүктөр жана жаныбарлар табияттын бир бөлүгү эсептелет. Ар бир тирүү жандын дем алышы жана жашашы үчүн суу, аба жана тамак-аш керек. Булардын бардыгы табиятта арбын. Табият биздин жалпы үйүбүз. Аны асыроо – ар бирибиздин милдетибиз.

Бекзат менен Жыпар табиатты асыроодо төмөнкү эрежелерди карманышат. Сен бул эрежелерге дагы кандай кошумчалар киргизген болор элең?

1. Дарак жана гүл тигүү, аларды кароо.
2. Сууну үнөмдөө жана булгабоо.
3. Чыгындыларды туш келди таштабоо.
4. Жаныбарларга зулум жасабоо.
5. Күбүлгөн жалбырактарды өрттөбөө ...

1. Үй-бүлөң же досторуң менен саякатка чыккансыңбы?



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2. Саякат үчүн камдаган тамак жана суусундуктардын идиштерин каерге таштоо керек?
3. Саякат учурунда гүл жана өсүмдүктөрдү жулууга, дарактардын бутагын сындырууга болобу?

## Төмөнкү жагдайларга баа бер

**1-жагдай.** Элестет: мектептен үйгө кайтып жатасың. Көчөдө бир топ балдар чогулган жалбырактарга өрт коюп жатышканын көрүп калдың? Мындай жагдайда сен эмне кылар элең?

**2-жагдай.** Досторуң менен ойноп жүрөсүң. Жолдошторуңдан бири дарактагы куштун уясын көрүп калды. «Уяда балапандар бар чыгар? Келгиле, аларды алабыз», деди. Сен эмне кыласың?

## ТАБИЯТ КУЧАГЫНА САЯКАТ

Жаратылышты үйрөнүү сабагында 3-класстын окуучулары устат менен табияттын кучагына саякатка чыгышты. Устат жолду катар балдарга эне табият, аны кантип асыроо керектиги жөнүндө сүйлөдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Ой, мобуреки суунун тунуктугун, – деди Фаррух.

— Жазда суулар тунук агат. Анын тунуктугун жана тазалагын сактоо зарыл. Ата-бабалырыбыз сууга түрдүү чыгындыларды таштаганды оор күнөө деп билишкен, – деди устат. – Суунун жээгиндеги мобуреки жалбыз, ат кулак жана койчу баштыктарды көрдүңөрбү? Алар эрте жазда адамга күч-кубат берет. Энелерибиз алардан түрдүү тамак даярдашат.

Мафтуна даракка карап, кызыксынды:

— Мына бул кандай дарак, устат?

— Буд жийде дарагы. Анын гүлдөрү жыттуу, мөмөсү пайдалуу. Дарактар абаны тазалап, ден соолукту асырайт. Биз да аларды асыроого тийишпиз.

— Куштардын жагымдуу сайраганын угуп жатасыңарбы? — деди Аскар.

— Бул куштар жазында алыскы өлкөлөрдөн учуп келет, – деди устат. – Куштар ин куруп, палапан өстүрүү үчүн даярданышууда. Кээ бир балдар алардын уясын бузуп, зыян жеткиришет. Силер эч качан антпегиле.

Окуучулар табияттын кучагында тыныгып эс алышты. Саякаттан кайтып жатканда устат айтты:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Кымбаттуу окуучулар, табият канчалык сулуу жана айкөл экендигин билип алдыңар. Эне табиятты асырап-абайлоо милдетибиз экендигин ар дайым эсте сактагыла.



1. Табиятка эмне үчүн «эне» сөзүн кошуп айтабыз?
2. Эмне үчүн табиятты асыроо керек?
3. Табиятты асыроого сен кандай салым кошосуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ

## МЕН ЖАШАП ЖАТКАН ЖЕРДИН ТАБИЯТЫ

1. Сен жашаган жердин табияты жөнүндө сүйлөп бер.
2. Сен жашаган жер башка жерлерден эмнеси менен айырмаланат?

Биздин планетабыз – Жер. Ал жашоо үчүн өтө ыңгайлуу. Ал суу, тоо жана муздардан, чөл жана токойлордон турат. Жер адам, айбанат жана өсүмдүктөрдү өз бооруна алган.

Жердеги турмуш тең салмактуулугун сактоодо ар бир жанзат жана өсүмдүктүн өз милдети, орду бар. Табият туруктуу тартиптин негизинде жашайт. Кандайдыр жанзат же өсүмдүктүн жоголушу тартиптин бузулушуна себеп болот. Бул болсо түрдүү табигый кырсыктарды келтирип чыгарат.

Бардык тирүү жандыктын жашашы үчүн турмуш өз нугунда агышы керек. Жер бетинде жашоону сактап калуу үчүн болсо ар бирибиз жооптуубуз.

Инсан өзүнүн кыймыл-аракети үчүн жооптуу. Ал ар бир ишин натыйжасын ойлоп жасоого тийиш.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Табышмактарга жооп таап, башкатырманы чыгар**

**Тигинен:**

1. Өзү буттун астында,
   Бардыгын тоюндурат.
2. Башы Күндү ээрчиме,
   Төлүн багат бетине.




**Туурасынан:**

1. Апакай чачтуу башы,
   Дарыя болот көз жашы.
3. Оюп алдым, изи жок.
4. Кооз килем, зер килем,
   Көтөрөйүн десем, оор килем.
5. Жеңил,бирок көзгө көрүнбөйт,
   Жара чапсаң бөлүнбөйт,
   Суунга окшоп төгүлбөйт.
6. Нур чачат ысык,
   Карай албай көзүм кысык.

Өзүң жашап жаткан жердин табиятын сүрөттөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VI ГЛАВА. УЛУТТУК МАДАНИЯТ

## УЛУТТУК КААДА-САЛТТАР ЖАНА МАЙРАМДАР

1. Силердин үй-бүлөдө туулган күн салты кандайча белгиленет?
2. Сен да той же маарекелерде катышкансыңбы? Алар кайсы жактары менен кызыктуу?
3. Үйгө конок келгенде чоңдорго кандай жардам бересиң?

Ар бир элдин жашоо шарты менен байланыштуу үрп-адаты, майрам жана салттары бар. Эгемендүүлүккө жетишкенибизден кийин улуттук баалуулуктарыбыз калыбына келди. Нооруз, Курман жана Рамазан айттары жалпы элдик майрам катары белгиленчү болду.

Үй-бүлөдө наристе төрөлгөндөн улгайганга чейин бир топ салттар өткөрүлөт. Наристеге ат коюу, бешик тою, сүннөт тою, мүчөл жашы, нике тою ошолордун катарына кирет.

Илгери чоң бир милдетти же көрктөндүрүү иштерин аткаруу үчүн ашар уюштурулган. Ашар элди бириктирүүчү, мээримдүүлүккө үндөөчү баалуулук саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Меймандостук – элибизге мүнөздүү касиет. Чоң ата-чоң энелерибиз конокту дасторкондун төрүнө отургузуу, даам менен сыйлоо зарылдыгын уктурушат.

Улуттук каада-салттар жана маарекелер – байлыгыбыз. Аларды барктоо, келечек муунга жеткирүү болсо милдетибиз саналат.

**Төмөнкү сүрөттөрдө кандай үрп-адат жана салттар көрсөтүлгөн?**



**Тапшырма**

Улуттук үрп-адат жана салттарды чагылдырган сүрөт тартууга аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Кандай улуттук жана жалпы элдик майрамдарды билесиң?
2. Майрам күндөрү таарынган, башкалардын маанайын бузган балдарга болгон мамилең кандай?

Нооруз — байыркы элдик майрам. Ата-бабаларыбыз көктөмдүн келишин, табияттын ойгонушун жаңы жыл иретинде майрамдашкан. Нооруз «ноо» – жаңы, «руз» – күн дегенди билдирет.

Нооруз улуттук каада-салттын, мээримдүүлүктүн майрамы саналат.

9-май – Эскерүү жана кадырлоо күнү. Ал күнү өткөндөрдү эскеребиз, карыялардан жана мээримге муктаждардан кабар алабыз.

1-сентябрь куттуу күн – Эгемендүүлүк күнүн майрамдайбыз.

Жыл сайын 1-октябрда устаттар жана тарбиячылар күнүн белгилейбиз. Бардык бизге билим берген, өнөр үйрөткөн устаттарга урмат көрсөтөбүз.

Башкы мыйзамыбыз – Конституция күнүн 8-декабрда белгилейбиз.

Жаңы жыл дүйнө элдери тарабынан чоң шаттык менен күтүлүүчү майрам саналат.

Кыз-келиндер күнү – 8-мартта мээримдүү энелерибизге, эже-сиңдилерибизге болгон урмат-сыйыбызды билдиребиз.

Рамазан жана Курман айттары бизди изгиликке жана боорукердикке чакыруучу диний майрамдар эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жалпы элдик майрамдарда конок күтүү, жаңы кийим кийүү, сейилге чыгуу салтка айланган.

Майрам, той жана маарекелерди үрп-адаттарыбызды сактаган түрдө, чакан жана үнөмдүү өткөрүүгө умтулушубуз керек.

Төмөнкү даталар кандай күн иретинде белгиленишин экинчи мамычадан таап, дептериңе жаз.

| | |
|---|---|
| **1-январь** | Эгемендүүлүк күнү |
| **8-март** | Эскерүү жана кадырлоо күнү |
| **21-март** | Конституция күнү |
| **9-май** | Нооруз |
| **1-сентябрь** | Жаңы жыл |
| **1-октябрь** | Кыз-келиндер күнү |
| **8-декабрь** | Устат жана тарбиячылар күнү |

**Майрамга чыгуу жана өзүн кармануу адеби:**

- жарашыктуу кийимдерди кийүү;
- көтөрүңкү маанайда болуу;
- айланадагыларды майрам менен куттуктоо;
- жакындарына белек берүү;
- оорулуу жана карыялардан кабар алуу;
- адамдарды иренжитпестик, орой сүйлөбөстүк; ...

Ушул сапты улант.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









Сүрөттөргө көңүл бур. Аларда Өзбекстанда жашаган элдердин улуттук майрамдары чагылдырылган. Башка элдердин кандай майрамдарын билесиң? Алар жөнүндө маалымат чогулт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЭЭРИМДҮҮЛҮК ЖАНА АДАМГЕРЧИЛИК СЕЗИМИ

1. Кандай адамдарды жакшы адам деп билесиң?
2. Сен да бирөөгө жакшылык кылгансыңбы?

Мээримдүүлүк жана адамгерчилик элибиз кастарлаган сапаттардан эсептелет. Өзбек эли Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда мээримдүүлүктүн жана адамгерчиликтин жогорку үлгүсүн көрсөттү. Мекенинен, бир боорлорунан ажыраган адамдарга үй берди. Ата-энесинен бөлүнгөн балдарды карамагына алды, аларга ата-энелик кылды.

Ыйык динибиз да адамдарды мээримдүү, боорукер болууга чакырат. Хадистерде: «Бириңер-бириңерге мээримдүү болмоюнча, момун болбойсуздар», деп айтылган.

Бирөөдөн кабар алуу, ага мээрим көрсөтүү, маанайын көтөрүү – сооптуу иштерден саналат. Ошондуктан ата-бабаларыбыз картаң, майып жана муктаж адамдарга жардамдашууну адамдык милдет деп билишкен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаныбарлар байыртадан адамдын жакын досу, көмөкчүсү болуп келген. Алар сүйлөй алышпаса да, мээримди, жакшылыкты туюшат. Жаныбарга жасаган мамилесинен адамдын кандайлыгын билип алууга болот.

Мээримдүү болуу үчүн бай же күчтүү болуунун кереги жок. Керектүү учурда адамдарга жардам берүү же сылык сөз айтуу да мээримдүүлүккө жатат.

Ыйык китептерде адамдар бири-бирине мээримдүү, боорукер болуп жашоого тийиштиги айтылган. Ошондой эле, сооптуу иш жасаган адамдарга жакшылыктын эшиктери ар дайым ачык болушу баса белгиленген.

## ЖАКШЫЛЫК УНУТУЛБАЙТ

Улукман дайыма бирөөлөргө жакшылык кылчу экен. Анын боорукердигин жана жоомарттыгын уккан адамдар алыскы шаар жана айылдардан жардам сурап келишчү экен. Күндөрдүн биринде бейтааныш адам анын алдына келип, айтты:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Эй Улукман, мен атактуу соодагер элем. Айрым себептер менен ишим оңунан келбей, бардык нерсемден айрылдым. Колуман эч бир иш келбейт, кесибим да, өнөрүм да жок. Сенден карыз сурап келдим.

Улукман үйүнөн бир баштык акча алып чыгып, соодагерге карматты. Муну байкап турган уулу атасына карай:

– Ата, ушунча акчаны бейтааныш бир адамга карматып жибердиңиз. Ал алганынан баш тартса, эмне кыласыз? – деди.

– Уулум, – деди Улукман, – адамдар эч качан жакшылыкты унутпайт. Убактылуу алар сенден тескери болушса да, бир күнү нысапка келишет. Адам колунан келишинче бирөөгө жакшылык кылышы жана кылган жакшылыгын унутушу зарыл. Бирок башкалардын жакшылыгын эч качан унутпастык керек.

1. Ата-энең же чоң ата-чоң энеңден мээримдүүлүк, адамгерчилик эмне экендиги жөнүндө сура.
2. Жакшылык жөнүндө ыр же аңгеме окуп кел жана мазмунун жолдошторуңа сүйлөп бер.

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ҮЙ-БҮЛӨ – ТАРБИЯНЫН ОЧОГУ



Үй-бүлө – ыйык очок. Адам баласы үй-бүлөнүн кучагында улгаят.

Үй-бүлөдө чоң ата-чоң эне жана ата-энелерге урмат, кичинелерге ызаат көрсөтүлөт.

Ар бир үй-бүлөгө мамлекет кам көрөт жана көңүл бурат. Жаштарды тарбиялоо, эрезеге жеткирүү, илим-өнөр үйрөтүү – үй-бүлөлөргө мүнөздүү салт эсептелет.

Ата-бабалардын насааты, аталардын өрнөгү, энелердин мээрими аркылуу тарбия муундан муунга өтүп келет.

Ден соолугу мыкты, ар тараптан жеткилең муунду тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу чексиз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Башкы мыйзамыбыз – Конституцияга да «Үй-бүлө» главасы киргизилген. Анда үй-бүлө коомдун негизги мууну экендиги, мамлекеттин коргоосунда болушу белгиленип коюлган.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 63-статьясы:**

Ата-энелер өздөрүнүн перзенттерин бойго жеткенге чейин багууга жана тарбиялоого милдеттүү.

* * *

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 64-статьясы:**

Бойго жеткен, эмгекке жөндөмдүү перзенттер өздөрүнүн ата-энелерине кам көрүүгө милдеттүү.

## МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

Биз үй-бүлөдө төртөөбүз: ата-энем, карындашым жана мен. Үй-бүлөбүздө ар бир адамдын өзүнүн орду бар.

Бир үй-бүлө болуп дасторкондун айланасында чогулабыз жана бир мезгилде турабыз. Ар бирибиздин милдетибиз бар. Карындашым экөөбүз чоңдорго жардам беребиз.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ата-энебиз бизге ынтымактуу, адептүү, эмгекчил болушубузду уктурушат.

Мен дүйнөдөгү эң бактылуу адаммын. Анткени менин үй-бүлөм бар.

Үй-бүлө адамдар бири-бирине мээримдүү болуп, жардамдашып, ынтымактуу жашай турган жер. Аны аздектөө, кадырлоо зарыл.







Үй-бүлөң жөнүндө чакан аңгеме түз. Үй-бүлөдөгү сенин милдеттериң эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАРЫЯЛАРДЫ АЗДЕКТЕЙЛИ

1. Туугандарың жана кошуналарыңдын арасында картаң адамдар барбы?
2. Чоң ата же чоң энеңдин кайсы насааттарын дайыма эсте сактайсың? Чоңдордун сөзүнө кулак салбаганың үчүн бушайман болгонуңду эстейсиңби?

Карыясы бар үй периштелүү болот. Чоң ата менен чоң эненин батасы, үгүт-насааты бизге жардам берет. Алар турмуш тажрыйбаларын үйрөтүшөт, жомок айтып беришет.

Өлкөбүздө карыялар аздектелет. Аларга кам көрүлөт жана алардын абалынан кабар алынат.



Чоңдорду урматтоо, кичинелерди ызааттоо элибизге мүнөздүү баалуулук. Чоңдорго салам берүү, алардын сөздөрүн угуу, насааттарына баш ийүү зарыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАРЫЯЛАРДЫН БАТАСЫ

Нурлан бош убагын чоң ата-чоң энеси менен өткөргөндү жактырат. Алар менен бирге убакыттын кандай өткөнүн да сезбей калат. Алар короодо дарак менен гүлдөрдү чогуу карашат. Чоң атасы өсүмдүктөр, куш жана айбанаттар жөнүндө кызыктуу окуяларды айтып берет. Чоң энесинин макал, ыр жана жомокторун жыргап тыңшайт.



Күндөрдүн биринде Нурлан досу Закир менен мектептен келе жаткан эле. Жолду катар чоң сумканы араң көтөрүп бара жаткан кемпирди көрүп калышты.

– Закир, кел чоң энеге жардам берели, – деди Нурлан.

– Жок, мен тезирээк үйгө барып, сабак кылам, – деди Закир.

– Мейли, кете бер. Мен жардам берем, – деди Нурлан.

Чоң ата менен чоң энеси Нурлан эмне үчүн кечиккенин сурашты. Небересинин жообун угуп:

– Баракелде, уулум. Карыялардын батасын алсаң, эч качан кем болбойсуң. «Алтын алба, бата ал», деп элде бекеринен айтылбаган го, – деди чоң атасы.

1. Закирдин ишин кандай баалайсың?
2. Кандай дейсиң, бейтааныш карыяларга жардам берүү керекпи? Жообуңду негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МААЛА ЖАНА КОШУНАЧЫЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ

1. Мааландин аталышын билесиңби? Ага эмне үчүн ушундай наам берилгенинчи?
2. Мааландан көрүнүктүү адамдар жетишип чыкканбы? Алар жөнүндө сүйлөп бер.

Маала – элдин эң байыркы, кайталангыс улуттук баалуулуктарынан бири. Адам маалада бойго жетет, улгаят жана дос табат.

Илгертеден мааланин адамдары бир үй-бүлөнүн мүчөлөрүндөй ынтымактуу жашашкан. Кимдир бирөөгө жардам керек болсо, мааланин адамдары аны таштап коюшпаган. Үйлөр көпчүлүктүн жардамында ашар жолу менен курулган.

«Бир балага жети кошуна ата-эне», деген макал текке айтылбаган. Мааланин чоңдору жаштардын тарбиясына кайдыгер карашпайт, өздөрүнүн перзентиндей насаат кылышат.

Мааланин аксакалдары менен чоңдору ар бир үй-бүлөнүн тынч жашашына салым кошот.

Кошуналардын абалынан кабар алуу, аларга жардам берүү өңдүү жакшы үрп жана адаттар маалада калыптанат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Кошуначылык адеби, көчөлөрдүн тазалыгы жана жыйнактыгы, той-маарекелерди өткөрүүдөгү ынактык суктангыдай. Өлкөбүздө он миңден ашуун маала бар. Алар барган сайын кооздонуп, көрктөнүүдө.

## АБАТ МААЛА

Атабек чоң атасы менен жалпы элдик кайрымдуулук ашарына чыкты.

Ашар себептүү маала дагы да кооз тартты. Көчөлөр көрктөндүрүлдү, дарактар акталды.

Асан байкенин үйүндө курулуш жүрүп жатат. Мааланин адамдары жардамга келген.

Сайра эненин коргонунда болсо чоң казанда сүмөлөк кайнап жатат.

Атабек чоң атасы менен мааладаги аталар чайканасы, чачтарачкана, дүкөндөрдүн алдынан өтүп жатып жаңы спорт аянтчасын көрүп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калды. «Эми бул жерде досторум менен футбол ойнойбуз», деп кубанды.

– Чоң ата, маалабиз аябай көрктүү болуп кетиптир, – деди Атабек.

– Албетте, уулум. Маалабиз жакшы адамдардын жардамы менен көрктөндү. Бул аянтчаны маалабиздин ишкерлери куруп беришти. Сен да ушундай ишкер, кайраттуу, акылдуу адам болуп, журтуңдун, маалаңдин өнүгүшүнө өзүңдүн салымыңды кошууга тийишсиң, – деди чоң атасы.



1. Айылыңда же шаарыңда кандай маалалар бар?
2. Мааланда спорт менен машыгуу, эс алуу үчүн шарттар түзүлгөнбү?
3. Кошуналар менен кандай жумуштарды чогуу аткарасыңар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ САБАК

**Каникул үчүн тапшырмалар**

1. Өрнөк боло турган аңгеме, ыр, жомок жана рабаяттарды оку.
2. Жүрүм-турумга тиешелүү макал жатта.
3. Ата-энең менен өзүң жашаган жердеги тарыхый жерлерге зыяратка чык.
4. Жай бою жолдошторуң менен жыргап-куунап эс ал, улуттук жана кыймылдуу оюндарды ойно, ден соолугуңду чыңда.
5. Чоңдорго үй-тиричилик, бак жана талаа жумуштарында жардам бер.

## Кымбаттуу окуучу!

Жыл бою жүрүм-турумга, улуттук үрп-адаттарга тиешелүү билимдерге ээ болдуң. Бул билимдерди ээлөөнүн өзү гана жетиштүү эмес. Алардан пайдалана билүү зарыл.

Каникул – эс алып, жаңы билим алуу үчүн күч чогулта турган доор. Каникулда бош убакыт көп болот. Сабакта алган билимдериңден пайдаланып, аны мазмундуу өткөр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

**I глава. Мекен — ыйык**
Өзбекстан Республикасы – эгемендүү мамлекет ....5
Мамлекеттин символдору – улуттук сыймыгыбыз ....13
Тарыхый эстеликтер – маданий байлыгыбыз ...16

Практикалык машыгуу
«Мен жашаган жердеги тарыхый эстеликтер»....20

**II глава. Жүрүм-турум казнасы**
Агартуучулук бабалардан мурас касиет ....23
Жүрүм-турумдун нормалары ....30
Жүрүм-турум жөнүндө хадистер ....33
Китеп окуу адеби ....35

Практикалык машыгуу
«Мен сүйгөн китеп» ....39

**III глава. Эмгек даңкка жеткирет**
Эмгек инсан турмушун кооздойт ....43
Өнөрлүүнүн баркы бийик ....46
Ким болсом экен? ....50
Менин бош убактым ....54



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Практикалык машыгуу
Күн тартиби.....................................................57

**IV глава. Тышкы көрүнүш – адамдын көрку**
Тышкы көрүнүш маданияты ...........................58
Тыкандык – адамдын көрку ............................61

**V глава. Биз жашап жаткан аалам**
Табияттын байлыктарынан акылмандык
менен пайдалануу..............................................64
Суу – жашоонун булагы ...................................67
Мен табиятты кантип асырашым мүмкүн? ........70

Практикалык машыгуу
Мен жашап жаткан жердин табияты ..................74

**VI глава. Улуттук маданият**

Улуттук каада-салттар жана майрамдар............76
Мээримдүүлүк жана адамгерчилик сезими ........81
Үй-бүлө – тарбиянын очогу................................84
Карыяларды аздектейли ....................................87
Маала жана кошуначылык мамилелери.............89
Жыйынтыктоочу сабак .......................................92



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Mohira Xoliqova,**
**Shahnoza Ergasheva**

# ODOBNOMA

**3-sinf**

To'rtinchi nashri

(Qirg'iz tilida)

Toshkent – «Yangiyo'l Poligraf Servis» – 2019

Nashriyot litsenziyasi AI № 185 10.05.2011 y

Которгон А. Зулпихаров
Редактору А. Зулпихаров
Корректору Ш. Зулпихарова
Техникалык редактору М. Рихсиев

Басууга 11.06.2019 уруксат берилди. Форматы 70х90 1/16.
Arial гарнитурасы. Офсеттик басма. Басма т. 6,0. Шарттуу б. т. 7,02.
Нускасы 0000 дана. Буюртма № 00
Келишим

112001, «Yangiyo'l Poligraf Servis» ЖЧК басмаканасында басылды.
Ташкент вилаяты, Янгийул району, Самарканд көчөсү, 44-үй.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери боюнча толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бутун, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык эмес иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби пайдаланууга жараксыз. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE